КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д, профессор Айнагул Рысбаевна Джоошбекованын тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасынын изденүүчүсү **Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган кол жазмасына берген

**КОРУТУНДУСУ:**

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изилденүүчү Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын "Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)" аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык жана диссертациялык кеңештин багытына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Тема актуалдуу, жергиликтүү маданияттын алкагында зыярат кылуучу жайлардын жетишерлик денгээлде изилденбегендиги,экинчиден, "зыярат" түшүнүгүнө байланыштуу келип чыккан каада-салттардын, ырым-жырымдардын түпкү маанилери буга чейин жеткиликтүү чечмелеп ачылып берилбегендигине байланыштуу. Зыярат универсалдуу илимий маселе экендигин тактоо да маанилүү болуп эсептелет.

ОК: Бикбулатова А.Р.

ДС 07.23.674
Вх. № 2024/4 от 14.05.24
Уч. секр.

**2. Илимий жаңылыктар. Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы илимий жыйынтыктар чыгарылган:**

1. Байыркы мезгилден бери ыйык жерлер Фергана облусунун калкынын жашоосунун, дүйнө таанымынын маанилүү бөлүгү болуп келген.
2. Мазарларга сыйынуу алардын зыяратына байланыштуу өзгөчө ырым-жырымдын өнүгүшүнө алып келген. Бул ырым-жырым практикасын изилдөө этнографиялык чоң кызыгууну туудурат, анткени ал Фергана өрөөнүнүн калкынын руханий идеяларынын генезисин, тарыхтын ар кандай этаптарында анын диний артыкчылыктарын ачып берет.
3. Мазарларда чагылдырылган олуяларга сыйынуу Орто Азия исламынын эң мүнөздүү белгиси болуп калды.
4. Мазарлар жөнүндөгү уламыштарды жана салттарды чогултуу жана изилдөө маркумдун инсанынын тарыхын жана жаралышын аныктоого мүмкүндүк ири колдонуу зарыл, белгилүү бир аймактагы кылымдар бою диний кырдаалды байкоого, бул чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.
5. Мазарлар мамлекеттин жана коомчулуктун көңүл буруусуна татыктуу. Аларды коргоо, реставрациялоо жана өз максаты боюнча да, музей буюму катары да пайдалануу, аларга байланыштуу ырым-жырымдарды элдик салт катары кайра жандандырып, изилдеп чыгуу зарыл. Бул адамдын руханий дүйнөсун байытып, элдин рухун тазалоого, жаштардын улуттук руханий каада-салттарын өздөштүрүүгө багытталган тарбия иштерине көмөктөшөт.

**3. Диссертациядагы жыйынтыктын жана корутуидунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарын талдоонун негизинде жана диссертанттын тиешелүү ыкмаларды колдонуусу аркылуу камсыздандырууга аракет жасалган.

Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө

алынган тактуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.

Диссертациялык иште илимий айлампага киргизе элек этнографиялык талаа материалдары жыйналды; тиешелүү илимий адабияттарга сересеп жасоонун негизинде жазылып, анын жыйынтык, тыянактары жанаберилген сунуштары этнография илимине өз салымын кошуусу мүмкүн.

**4. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иликтөөлөрдө жыйналган материалдардыи негизинде иштелип чыккан илимий иштерди, тыянак жана пикирлерди кыргыз маданияты, тарыхы жана этнографиясына байланыштуу болгон окуу китептерин жазууда, тарых, чыгыш таануу жана чөлкөм таануу адистиктеринде билим алып жатышкан студенттер, магистрлер учун жалпыланган окуу куралдарын, тандалма курстарды жазууда колдонсо болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Диссертация менен авторефераттын мазмуну бири-бирине туура келет. 3 тилде резюмелер берилген.

**6. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар илимий- тажрыйбалык конференцияларда окулган баяндамаларда апробацияланып, КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системаларга кирген басылмаларда 13 илимий макалаларда чагылдырылган.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана жасалгаланышындагы айрым мүчүлүштүктөр жана изилдөөчүгө сунуштар:**

1. Теманын актуалдуулугунда да, объектисинде да Фергана өрөөнү изилдөө объектиси катары тандалып алынгандыгын негиздөө күчөтүлүшү зарыл.
2. Фергана өрөөнүндөгү зыяраттын өзгөчөлүгүн аныктоо учун диссертациялык иште Кыргызстандын башка аймактарындагы зыярат кылууну салыштыруу материалдарын кеңири колдонуу зарыл.
3. Диссертацияиын методологиясы жана методдору камтылган бөлүктө этнографиялык методдорго кебуреок басым жасалып, байкоо жүргүзүү, эксперттик маектешүү, сурамжылоо методдору изилдөөгө карата кандай колдонулгандыгы жөнүндө айтылышы керек.
4. Илимий иштин мазмунунда мааниси жагынан окшош кээ бир кайталоолор орун алган.
5. Корутундуну карап чыгуу керек. Баптар жана параграфтар боюнча жыйынтыктардын кээ бири корутундуга кирбей калган. Диссертацияиын корутундусунда башка окумуштуулардын пикирин чагылдырууга болбойт. Практикалык сунуштардагы кээ бир жалпы материалдарды алып салууну сунуштайм.
6. Колдонулган адабияттардын тизмеси кайрадан каралып, стандартка, талапка ылайык редакцияланып чыгуусу зарыл.
7. Диссертациялык иштеги изилдөө программасына ылайык түзүлгөн анкетаны, зыярат кылуучу жайлардын картасын, глоссарийди даярдап чыгып тиркемеге киргизүү керек. Тиркемедеги фото материалдарды зыярат учурундагы ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү аткарып жаткан учурларды чагылдырган фото материалдар менен байытуу зарыл.
8. Диссертациянын текстин техникалык-редакциялык, орфографиялык-стилистикалык жактан дагы бир жолу терец карап чыгуу зарыл.

8. **Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**
1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2008-ж) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактар, тарыхнаамалык илимий эмгектер менен таанышып чыккан.
2. Изденүүчү талаа материалдарын Кыргызстандын түштүгүндө жашаган информаторлордон чогулткан. Зыярат кылуучу жайлар, суу, булактар жана мазарлар жөнүндө маалыматтары бар.

9. **Жетектөөчү мекеме, расмий оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчү мекеме:** Борбордук Азиядагы Америка университетинин “Антропология жана эл аралык өнүгүү” кафедрасын сунуштайм. Анткени ал окуу жайында адистик боюнча жетиштүү илимий кадрлар бар. (Кыргызстан, 720060, Бишкек, ул. Аалы Токомбаев, 7\6)

**Расмий оппоненттерге:**

1. Жапаров Амантур Забирдинович тарых илимдеринин доктору,

КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери;

2. Исаева Анара Асылбековна тарых илимдеринин кандидаты,

К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин тилдер жана коомдук илимдер кафедрасынын и.о. доцентин сунуштайм.

10. **Диссертациялык КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун” талаптарына ылайык келиши**.

Корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды эске алуу менен Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту менен **Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы** Д 07.23.674 **Диссертациялык кеңешине Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн**

**материалдарыныи негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишин коргоого кабыл алууну сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор,**
**И.Арабаев атындагы КМУнуи**
**Кыргызстандын тарыхы жана этнология**
**кафедрасынын башчысы** **Жоошбекова А.Р.**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

13.05.2024